**ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

УДК 821
DOI10.33514/BK-1694-7711-2021-2(2)-3-7

**Жумалиева В.Б.**
И.Арабаев атындагы КМУ
**Жумалиева В.Б.**
КГУ им. И. Арабаева
**Zhumalieva V.B.**
KSU them. I. Arabaeva

# ЭС ТУТУМ: ЭСТЕН ЧЫГАРЫЛГАН ИНСАНДАР: ТОКО АБДРАХМАНОВ
# ПАМЯТЬ: ЗАБЫТЫЕ ИМЕНА: ТОКО АБДРАХМАНОВ
# MEMORY: FORGOTTEN NAMES: TOKO ABDRAKHMANOV

**Аннотация:** Бул макалада коомчулукка белгисиз мамлекеттик ишмер Токтомамбет (Токо) Абдрахманов жөнүндө маалыматтар камтылды. Ал көрүнүктүү мамлекеттик жана саясий ишмер Жусуп Абдрахмановдун бир тууган иниси болгон. 1930-жылдары мамлекеттик пландоо комиссиясында иштеп, күнөөсүз күнөөлөнүп, саясий репрессиянын курмандыгы болгон.

**Аннотация:** В этой статье содержится информация о Токо Абдрахманове, неизвестном государственном деятеле. Он был младшим братом видного государственного и политического деятеля Жусупа Абдрахманова. В 1930-е годы он работал в Госплане, был невиновно обвинен и стал жертвой политических репрессий.

**Annotation:** This article contains information about Toko Abdrakhmanov, an unknown statesman. He was the younger brother of the prominent statesman and politician Zhusup Abdrakhmanov. In the 1930s, he worked for the State Planning Committee, was innocently accused and became a victim of political repression.

**Негизги сөздөр:** Токо Абдрахманов, мамлекеттик ишмер, пландоо комиссия, саясий репрессия, бир тууган

**Ключевые слова:** Токо Абдрахманов, государственный деятель, плановая комиссия, политическая репрессия, родной брат

**Keywords:** Toko Abdrakhmanov, statesman, planning commission, political repression, brother

Токо Абдрахманов (өз аты-Токтомамбет, официалдуу документтерде, тарыхта Токо деп берилет, Жусуп Абдрахманов өзүнүн тарыхый күндөлүгүндө Токо деп жазып калтырган) Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү мамлекеттик ишмери, өлкөнүн биринчи өкмөт башчысы Жусуп Абдрахмановдун бир тууган иниси болгон. Токо Абдрахмановдун өмүрү дагы Жусуп Абдахмановдун өмүрүндөй кыска болуп, болгону 29 жыл жашады. Себеби, «эл душманы», «совет бийлигине жана революцияга каршы ишмердүүлүгү үчүн» деген олуттуу негизсиз саясий айыптар тагылып, «абдрахмановчу» делип, 30-жылдардагы кандуу саясий репрессиянын курмандыгы болон. Анын мамлекеттик ишмердүүлүгү күч менен токтотулган.

Балким, мамлекеттин кызыкчылыгын жана көз карандысыздыгын өз өмүрлөрүнөн жогору коюп, мамлекет үчүн өз өмүрүн берүүгө даяр күчтүү, билимдүү адамдардан коомду тазалабаганда, азыркы Кыргызстан башкача жол менен өнүгүп, өнүккөн өлкөлөрдүн катарын толуктайт беле? Андай болушу дагы толук ыктымал эле.Тилекке каршы, өзүлөрү жашап турган жана терең ишенген саясий түзүлүш кыргыз тарыхындагы эң күчтүү, билимдүү жана намыска бекем мыкты муундун өкүлдөрүн опоңой эле курмандыкка чалып, жок кылган. Себеби, бул жаңы муундун өкүлдөрү жаңы башкача таза коомду курушмак.Тарых алдында чоң жоопкерчиликти терең сезип, мамлекеттин өнүгүүсү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланышмак. 30-40 жаштардагы жаш муун түп тамыры менен жок болду.

«Тарыхтын философиясы тастыктап тургандай өз милдетин өтөп бүткөн, учур талабына дал келбей эскирип калган коомдук түзүлүштөн жаңырган коомдук түзүлүшкө жарандар кадам таштачу өткөөл доордо, алга карай өнүгүүнүн альтернативаларына – айрылыш жолдоруна кептелген кезде, туурасын тандап алуу мүмкүнчүлүгү бир нече эсе көбөйөт. Ошондой учурда тарыхый инсандардын : коомдук саясий ишмерлердин, аскер башчыларынын, окумуштуу аалымдардын, даанышмандардын ролу кескин өсөт. Анткени алар айрылыш жолдордун мүмкүнчүлүктөрүн алдын ала билишет, альтернативаларды туура түшүнүшөт жана тигил же бул максатты көздөй эл катмарын өз артынан ээрчите алышат»[1], тилекке каршы аларга андай тарыхый мүмкүнчүлүк берилген жок, себеби алардын мүмкүнчүлүктөрү менен кошо жаш өмүрлөрү дагы уурдалып алынды.

Токо Абдрахманов 1909-жылы Ысык-Көл областынын Ысык-Көл районундагы Жаркынбаев айылында манаптын үй-бүлөсүндө туулган (Жети-Суу областы, Каракол уездиндеги Күнгөй-Аксуу волостунун Чиркей айылындагы Атамкул [2]деген жерде). Атасы Балпанов Абдрахман революцияга чейин манап, 6 жыл элдик сот-бий жана 3 жыл волосттун башкаруучусу[3] болуп, журт аралап, эл башкарган**.**

1922-жыл үчүн жүргөн РКП(б)нын мүчөлөрүн каттоого алган анкетага Жусуп Абдрахманов: атам жактан чоң атам менен атамдын негизги кесиби-жалданган эмгекти пайдаланган малчылык болгон. [4]. Балалык чагымда «… жокчулукту көргөн жокмун, анткени ата-энем оокаттуу (жетиштүү) жашаган адамдар болгон деп көрсөткөн. [5] Демек, Токо Абдрахмановдун 1916-жылга чейинки турмушу дагы агасы Жусуп Абдрахмановдукундай болуп, жокчулук эмне экенин билбей, жетиштүү үй-бүлөдө өскөн. Эки бир тууганды мамилелери дагы абдан жакын болгон. Себеби Жусуп Абдрахманов өзүнүн күндөлүгүнө иниси Токо Абдрахманов жөнүндө жылуу сезим менен жазат. Токо Абдрахмановдун дүйнөгө болгон көз карашынын калыптанышына, келечегин түзүүгө атасынын жана агасы Жусуптун тийгизген таасирин белгилеп кетүү зарыл. Себеби, Абдрахман Балпанов уулдарынын билимдүү болушуна өзгөчө шарт түзүп, өз мезгилинен артта калбай**,** ал мезгилдин жетишкендиктерин багындырууга багыт көрсөтө алган. Атанын жолун улап уулдары дагы элдин кызыкчылыгына кызмат кылып, эл башында турушту. Уулдары Жусуп Абдрахманов, Токо Абдрахманов жөнүндө маалымат алганда элдик мыкты уулдарды тарбиялаган Абдрахман Балпановго суктануу менен таазим кыласың. Уулдарын туулган жерин сүйгөнгө, адилетүүлүккө, эмгекчилдикке, калыс болгонго тарбиялап, мыкты элдик уулдардын ардактуу атасы болгонго татыды. Тилекке каршы, уулдарынын мыктылыгын 1916-жылдагы көтөрүлүштөн улам билбей калды, себеби Жусуп Абдрахманов: «1916-жылдагы кыргыздардын көтөрүлүшүнүн мезгилинде жана андан кийин кыргыздар

Кытайга качканда атам жана улуу агам келте оорусунан каза табышат, анан менин оюмча декабрда, ошол эле жылы энем, дагы жакын туугандарым, биздин үй бүлөнүн мүчөсү болгон жети адам Жаркент уездинде Нарынколдо (Охотничье) казактар тарабынан өлтүрүлгөн. Ата-энем каза болгондон кийин кичүү иним менен атамдын тууганынын багуусунда болуп, 1917-жылдын биринде Каракол шаарына кайтып келдик» деп маалымат берген. Ошондой эле күндөлүгүнө 1916-жылдагы саясий окуя жөнүндө мындай деп жазат: «Хан-Теңири» деген кинотасманы көрдүм. Жүрөгүмө жакын жана тааныш жерлер. Кайрылып келбес балалык кезим өткөн жана 1916-жылы Кытайга качкан жерлер. «Түз-Ашуу» ашуусунун этегине, Эңилчек (Иныльчек) дарыясынын жогорку жагына бир тууган агамды түбөлүккө калтыргам. Ал жерден атам ооруй баштаган. Атамдын ар дайым сүйкүмдүү жүзүн, агамдын сулуу, олуттуу, бирок кичине каардуу жүзүн да ошол күндөгүдөй эстеп турам. Андан бери 14 жыл өтсө да жакын адамдарыңдын жаркын элестери эч качан унутулбайт экен. Бир жуманын ичинде атаман, агаман ажырап, ишенээр, жардам берээр жакын адамдарым жокто ыйлабай, азыр ал мезгилди эстегенде мага абдан оор болуп турат. 29.XI.30.» [6] деп эскерет. Көтөрүлүштөн кийин иниси Токо экөө эле аман калышат.

Токо Абдрахманов БКП(б) нын мүчөсү, 1918-жылы агасынын жардамы менен Караколдогу советтик мектепте окуп билим алып, аны 1922-жылы бүтүрүп чыккан. 1923-1926-жылдары Ташкент шаарындагы мугалимдерди даярдоочу окуу жайда окуган.Ал эми 1916-1928-жылдары педагогикалык жогорку окуу жайда билимин уланткан. 1928-1931-жылдары Ташкент шаарындагы ОАМУтин(САГУ) экономика факультетин бүтүргөн.[7] Кесиби боюнча-экономист. Токо студент кезинде 1932-1934-жылдары Орто Азия мамлекеттик пландоо комитетинде иштеп, 1936-жылы Кыргыз АССРнин мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасынын орун басары кызматына дайындалат. Партиянын катарына 21 жашында 1930-жылы өтүп, билетинин № 0658950 болгон. Ал эми 1936-жылы 29-августта партиянын катарынан негизсиз чыгарылып, ага партиянын душмандары менен биригип, эки жүздүүлүк кылды[8] деген акылга сыйбаган саясий күнөө коюлган.

Молдогазиев Кемел-Ысык-Көл районунун Жаркынбаев айылында туулган. Кесиби боюнча- экономист. КМУнун экономика факультетин бүтүргөн. Жусуп Абдрахмановдун жакын туугандарынан, Сөлпү уруусунан болот. Кемел Молдогазиевден интервью алганда төмөндөгүлөрдү маалымдады:1916-жылы эл Кытайга качат. Энеси, Жусуп, Токо эс алып жатышканда чукул жерден, дөңдөн орустар чыга калат. «Эне»деп Жусуп кыйкырып жиберет. «Жүрү,кач»дейт. Энеси толмоч келген, сүйкүмдүү аялзаты болгон деп эскеришет. Элечек кийген энеси Жусупка «Мен кача албай калдым, сен Токону алып кач» дейт.Жусуп Токону алып арчалардын арасына кире качат. Энесин көрүп кыйкырып жибербесин деп Жусуп Токону өзүнө каратып, кучактап алат. Орустар энесин кылычтап өлтүрүшөт. Кичинекей Токо (7 жашта) энесинин өлгөнүн көрбөй калат. Ал эми бул кандуу окуя Жусуп Абдрахмановдун көз алдында болуп, баарын өз көзү менен көрөт. Кемел Молдогазиев Жусуп Абдрахманов бул окуяны айылга келгенде жана Караколго өткөндө эскерип, көп айтып, ыйлап да алчу дейт. Үркүндөн кийин Чиркей айылына «Ийгилик» колхозуна келишет, экөө келди(Жусуп, Токо ), «эмне кылабыз»деп эл чогулат. Жусуп Абдрахманов Каракол, Верныйда жүргөндө Токо айылда калат, кийин аны Караколго интернатка берет. Токонун Ташкенттен Фрунзеге көчүп келгенине А.Орозбеков жардам берген дейт Кемел Молдогазиев. Себеби, Токо Абдрахманов жогорку экономист адистиги боюнча билимди Өзбекстандын Ташкент шаарынан алып, алгачкы мамлекеттик ишмердүүлүгү дагы ал

шаардан башталган. А.Орозбеков Токонун билимдүү, кыраакы, тың жигит экенин баамдап, Кыргызстанды көтөрүү үчүн эмгек кылсын деп күчтүү адистерди өз мекенине тартса керек.

Токо Абдрахманов токтоо, көп сүйлөбөгөн, абдан билимдүү жигит болчу. Кымыз иччү эмес,төшөк көтөрүп, китеп алып кетчү дейт, көрсө, «Капиталдын» 1-томун которуп жүрүптүр, 1-главасын которуп бүтүп калыптыр. Күнү-түнү иштеп, үйүнө кеч келчү деп эскерет. Бир бөлмөсү толтура китеп, Лениндин томдору эле, тегерек мөөр(печать) да бар болчу, китептер, мөөр Жусуп Абдрахмановдуку болгон. Ага-ини Абдрахмановдор интеллектиси, билими терең курч көз караштары менен өз заманынан алда канча алдыга кетип, азыркы Кыргызстандын көйгөйлүү маселелерин 30-40-жылдары эле көтөрүп чыгышкан. Иниси Токонун жетишкендиктери Жусуп Абдрахмановду абдан кубандырган. Жусуп Абдрахманов: «Токо, бир тууганым, саясий жана маданий жактан өстү. Бул мени кубандырат» деп кубанганын1930-жылы 10-декабрда күндөлүгүнө түшүрөт. Демек, Жусуп Абдрахманов терең ишеним менен Токо Абдрахмановду жооптуу малекеттик иштерге даяр экендигин белгилеп өткөн. Көп убакыт өтпөй Токо Абдрахмановдун Орто Азия мамлекттик пландоо тармагындагы жооптуу иши башталган. Ал мезгилде Токо Абдрахманов 21 жашта болгон. Репрессиянын курмандыгы болбогондо күчтүү экономист же мыкты мамлекеттик ишмер катары өлкөнүн ар тараптуу өнүгүшүнө чоң салымын кошмок.

Токо Абдрахмановдун өмүрлүк жолдошу татар чоң соодагер Валия -ажынын кызы болгон. Аты-Махруп. Токо биринчи уулунун атын Кудайберген (Золик эркелеткен аты) койду. Түрмөдө жатканда жолдошунун боюнда бар эле, Токо: «Кыз болсо өзүн бил, эркек төрөлсө Абыл кой» деген экен. Улуу баласы Золик 2-3жашында атасы-Токого куса болуп, каза болуп калган деп эскерет Кемел Молдогазиев.

Шертай Субанов СТПнын мүчөсү деп айыпталып, 1937-жылы Пржевальск түрмөсүндө Токо Абдрахманов менен бирге камалган. Демек, Токо Абдрахманов Караколдогу түрмөдө да болгон. Себеби, Шертай Субанов өзүнүн «Туюктагы түн» деген китебинде Жусуп Абдрахмановдун иниси Токо Абдрахманов менен Каракол түрмөсүндө бирге болгону жөнүндө жазып калтырган.

Каракол областтык мамлекеттик архивиндеги маалыматка ылайык Шертай Субановду Токо Абдрахманов менен түрмөдө бирге болгон Максүт ава: «Жусуп Абдрахман уулун билесин го? Ошонун бир тууган иниси Токо Абдрахмандын уулу деп тааныштырган (Аты аталган Максүт ава Шертай Субанов (100 жашка чыгып каза болду) жана Токо Абдрахманов менен түрмөдө бирге болгон). Шертай Субанов Пржевальскидеги түрмөдөн Фрунзеге алып келе жатканда, алгач Балыкчыга 16-17 саатта пароход менен келгенин, Балыкчыдан аларды машинага салганын жазат. Тез эле Кантка келип, бир машина НКВДнын аскерлери курал менен кайтарып, Фрунзеге алып келишти дейт. Жолдогу азап-тозокту эстеп,арадан 53 жыл өткөндөн кийин Жусуп Абдрахмановдун иниси Токо Абдрахманов менен бирге келгенин эскерип, мындай дейт: «…Токо өтө акылдуу, токтоо, терең ойлонгон, адамдын ички оюн талдай билген жигит эле.Кыргыз элинин мыкты уулу эле. Аз убакыттын ичинде тар жерде бирге болуп, уялаш бир туугандай болуп кеттик, ал менден 5-6 жаш улуу болчу» [9] деп эскерип жазган. Ал эми белгилүү жазуучу Т.Сыдыкбеков: «Токо буюрбай калды, кыргызды ошо башкармак» деп аябай өкүнүп айткан дейт Кемел Молдогазиев. Демек Т.Сыдыкбеков айткандай, кыргыз элинин кызыкчылыгы үчүн кызмат кыла турган мыкты уулду кыргыз элине буюрбаптыр…Токо Абдрахманов мамлекет үчүн иштеп, аны жетектегенге даяр болгон инсан экендиги талаш жаратпайт. Бул инсандарга мамлекеттик ишмердүүлүктөрүн толук

кандуу ишке ашырып, тарыхый мүмкүнчүлүк берилгенде Кыргыз мамлекетинин өнүгүү жолу башкача болмок.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Өмүрбеков Т.Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX кылымдын ортосу – XX кылымдын башы). – Б., 2003. 4.
2. Россия мамлекеттик социалдык-саясий тарыхынын архиви Ф.17.Оп.100. Д.7699.1.
3. Центральный государственный архив общественно-политической документации КР. Ф.10.Оп.15.Д.22..20.
4. Центральный государственный архив общественно-политической документации КР Ф.10.оп.15.Д.22..3.
5. Центральный государственный архив общественно-политической документации КР Ф.10.Оп.15.Д.22..20.
6. Абдрахманов Юсуп.-Б.:2001.113.
7. Ормушев А.С., Жумалиева В.Б. Жусуп Абдрахманов –чыгаан мамлекеттик ишмер. Тарыхый даректүү баян.-Б.,2021.45.
8. Центральный государственный архив общественно-политической документации КР Ф.10.Оп.2.Д.734.139.
9. Ысык-Көл ОМА Ф.1100.Оп.1.Сб.1-54.


**References:**


1. Omurbekov T.N. The role and place of great personalities in the history of Kyrgyzstan (the Middle Ages - the beginning of the Middle Ages). - B., 2003. 4.
2. Archive of the state socio-political History of Russia F.17.Op.100. D.7699.1.
3. Central State Archive of Public and Political Documentation of the Kyrgyz Republic. F.10.Op.15.D.22..20.
4. Central State Archive public and political documentation KR. F.10.op.15.D.22..3.
5. Central State Archive of Public and Political Documentation of the Kyrgyz Republic. F.10.Op.15.D.22..20.
6. Abdrakhmanov Yusup.- B.:2001.113.
7. Ormushev A.S. Dzhumalieva V.B. Zhusup Abdrakhmanov is an outstanding statesman. Historical documentary essay.- B.,2021.45.
8. Central State Archive of Public and Political Documentation of the Kyrgyz Republic. F.10.Op.2.D.734.139.
9. Issyk-Kul OMA F.1100.Op.1.TB.1-54.